«ЖАКТЫРЫЛДЫ»
Эл аралык Кувейт университетинин
Окумуштуулар кеңешинин чечими
Протокол №2
«6» 11 2018ж.

«БЕКИТЕМИН»
Эл аралык Кувейт университетинин
ректору профессор А.С.Ормушев
«6» 11 2018ж.

# «БИЛИМ ЖАНА ТАРБИЯ» ЖУРНАЛЫНЫН ЖОБОСУ

## 1. Журналдын жалпы милдети

Эл аралык Кувейт университетинин "Билим жана тарбия" илимий-педагогикалык журналы 2003-сентябрынан баштап УАКтын атайын каттоосунан өткөн. Ал төмөнкү максатты көздөйт:

а) кыргызстандын жогорку окуу жайларында, илимий мекемелеринде жана айрым чет өлкөлөрдө аткарылган илим-изилдөө багытындагы эмгектерди басып чыгаруу;

б) илим жана техниканын айрым проблемаларынын тарыхый өнүгүшүн жана бүгүнкү абалын чагылдырган макалаларды жарыялоо;

в) республикалык жана эл аралык жогорку окуу жайлары тарабынан өткөрүлгөн конференциялардын жана кеңешмелердин тандалган материалдарын жарыялоо;

г) илимдин түрдүү тармактарынын актуалдуу проблемалары боюнча дискуссияларды өткөрүп, анын материалдарын жарыялоо;

д) сын макалаларды жана библиографиялык обзорлорду, жаңы чыккан илимий-педагогикалык басылмаларга рецензияларды жарыялоо;

ж) тарбия, таалим, адеп-ахлак боюнча илимий - популярдуу макалаларды жарыялоо.

## 2. Илимий-педагогикалык журналды жетектөө

Журналдын ишмердүүлүгүнүн жалпы жетекчилиги Эл аралык Кувейт университетинин Окумуштуулар кеңеши тарбынан бекитилген редакциялык коллегиясы тарабынан аныкталат.

Журнал тикеден-тике редакциялык коллегия тарабынан жетекчиликке алынат. Редакциялык коллегия башкы редактор, бир, же эки орун басар, жооптуу катчыдан туруп, редколлегиянын жалпы саны Эл аралык Кувейт унверситетинин Окумуштуулар кеңешинде бекитилет.

### *2.1.Редколлегия төмөнкү иштерди алып барат:*

а)журналдын илимий, уюштуруучулук жана жетекчилигин ишке ашырып, анда жарыяланган материалдардын илимий деңгээлине жооп берет;

б)жарыялана турган материалдардын келип түшүшүн уюштуруп, журналдын тематикалык планын бекитет:

в)жарыялоого мүмкүн болбогон илимий деңгээли начар макалаларды кайра авторго кайтарып берет (рецензиясы тиркелет);

г)атайын обзордук жана проблемалык макалаларды заказ берүүгө чечим кабыл алат;

д)илим тармактарындагы талаш туудурган проблемалар боюнча дискуссия уюштурууга чечим кабыл алып, даярдык ишин алып барат;

е)Редакциялык коллегиянын макулдугу менен башка ЖОЖдордун окумуштууларынын, аспиранттарынын, изденүүчүлөрүнүн, магистранттарынын макалаларын жарыялайт.

ж)редколлегиянын отурумдары белгиленген мөөнөт боюнча үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат. Бир жылда үчтөн кем өткөрүлбөшү зарыл. Бул отурумдар

редколлегиянын курамынын жарымынан көбү катышса гана, талапка жооп берет.

***2.2. Журналдын башкы редактору:***

а) журналдын ишмердүүлүгү боюнча жалпы жетекчилик кылат;

б) журналдын кезектеги санын басмага сунуштап, аны жарыкка чыгууга бекитет.

в) редколлегиянын отурумдарын башкарат;

г) редакциянын кызматкерлерин тандап алып, алардын ишин көзөмөлдөйт.

Редактордун орун басары башкы редактор менен бирдикте журналдын жетекчилигин камсыз кылып, редактор жокто түздөн- түз жетектейт.

***2.3.Жоопту катчы:***

а) журналдын жарыкка чыгышына жоопкерчилик кылат;

б) журналды басмага даярдайт;

в) журналдын макетин түзөт;

г) башкы редактордун жана редколлегиянын мүчөлөрүнүн тапшыруусу боюнча авторлор менен байланыш түзөт.

***2.4.Редколлегиянын мүчөлөрү:***

а) макалалардын келип түшүшүн уюштурат;

б) бардык проблемалуу макалалар менен таанышат;

в) редакцияга түшкөн макалаларга рецензенттерди сунуштайт;

г) заказга берилүүчү макалалардын темаларын бекитип, рецензенттерди дайындайт;

д) редколлегиянын отурумдарында санга кетуучу макалаларды бекитет, же татыксыз макалаларды кайтарып берүүгө сунуштайт.

**3.Макалаларды бекитүү жана кайрып берүүнүн тартибин кароо**

3.1.Журналдын редакциясы авторлордон тушкен макалаларды кабыл алынгандыгы тууралуу макала түшкөн күндөн 10 күн өтпөй авторго маалымат жөнөтүшү зарыл.

3.2.Макалага берилген рецензияда анын ондоочу жагдайлары болсо, макалкошумчалоого жана түзөтүүгө авторго кайрадан жөнөтүлөт.

3.3.Эгер макалага берилген рецензияга терс баа берилсе, редколлегиянын чечими боюнча экинчи рецензияга жиберилет.

3.4.Макаланы кабыл алуу же кайтарып берүүдө редакция авторго анын макаласынын кайтарып берүү негизин билдирген кат жөнөтүшү керек.

3.5.Журналга макалалар редакцияга түшкөн мөөнөтү боюнча кезекке коюлуп, басылат. Эгер макала кайра иштөө үчүн авторго кайтарылса, макала бүткөрүлгүн мөөнөттөн баштап кезекке коюлат.

3.6.Журналдын кезектеги саны башкы редактор тарабынан бекитилет.

3.7.Макаланын кол жазмасы автор тарабынан ондолуп, кол коюлуп берилиши керек, анын жөнөтүү мөөнөтү коюлуп, автордун толук, так дареги берилиши керек.

3.8.Макаланын мазмуну автордун жеке оюн, көз карашын билдирет. Редакция анын көз караштарына жооп бербейт.

**4.Журналга коюлуучу талаптар**

4.1.Журналга оригиналдуу, мурда башка жерде жарыяланбаган илимий текст кабыл алынат.

4.2. Макалага аннотация үч тилде: кыргызча, орусча, англисча (арабча) УОК (универсалдуу ондук классификация) көрсөтмөсү менен.

4.3. 12 шрифт чоңдугундагы (Word, MSWord, A97-Toktom Times менен) эки нускада жана электрондук версиясы (дискети) менен кошо берилиши керек. Макалалардын көлөмү 7-8-беттен ашпоого тийиш.

4.4.Макалага тиешелүү көркөм сүрөт, фото, чийме, схема, графиктер оригиналдары менен номерлери коюлуп жиберилет.

4.5.Макаланын 150 сөздөн ашпаган кыскача резюмеси болуш керек, резюме башка тилдерге да которулат.

4.6.Макаладагы цитаталар "Илимий булактар" деп аталып (адабияттар, библиография), атайын бөлүмгө, алфавиттик тартипте жазылып берилиши керек.

**5.Журналды каржылоо тартиби**

5.1."Билим жана тарбия" журналы МКУнун бюджетинин атайын беренеси боюнча каржыланат.

5.2.Журналдын сметасы журналдын башкы редактору тарабынан түзүлүп, редколлегияда талкууланып Окумуштуулар кеңешине берилет.

5.3.Башкы редактор, башкы редактордун орун басары жана жооптуу катчынын айлык акылары да каржылоочу орган тарабынан аныкталат, же жалпы окуу жүгүнөн жеңилдетилет.